**«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2023-жылдын 22-мартындагы №5 чечимине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР БШК чечиминин долбооруна маалымкат-негиздеме**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) 2023-жылдын 22-мартындагы №5 чечими менен ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашырууну өркүндөтүү боюнча жумушчу топтун (мындан ары – Жумушчу топ) курамы бекитилген.

Борбордук шайлоо комиссиясына Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынан (2023-жылдын 2-ноябрындагы кириш №7/1920) жана Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министрлигинен (2023-жылдын 23-ноябрындагы кириш №8/1991) Жумушчу топтун курамынан мүчөлөрдү чыгаруу жана Жумушчу топтун курамына жаңы өкүлдөрдү киргизүү тууралуу сунуштар келип түшкөн.

Жогоруда аталган мамлекеттик органдардын сунуштарынын негизинде, Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратындагы кадрдык өзгөрүүлөргө байланыштуу ушул чечимдин долбоору менен Жумушчу топтун курамынан төмөнкүлөрдү чыгаруу сунушталууда:

1. Орозалиев Жаныбек Амановичти - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын саламаттык сактоо жана социалдык коргоо бөлүмүнүн экспертин;
2. Рыскулова Зульфира Анарбековнаны - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин мединциналык жардамды уюштуруу жана дары-дармек саясаты башкармалыгынын башкы адисин;
3. Шералиева Айнагуль Рысбаевнаны - Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын шайлоо комиссиялары менен өз ара аракеттешүү жана методология секторунун системалык администраторун.

Аталган мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн ордуна сунуш кылынган талапкерлерге ылайык Жумушчу топтун курамына төмөндөгүлөрдү киргизүү сунушталууда:

1. Табылдиев Чынгыз Тынычбековичти - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин даярдоо боюнча башкармалыгынын уюштуруу жана аймактар менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнүн мамлекеттик инспекторун;
2. Атакозуева Гульнура Мамановнаны - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин мединциналык жардамды уюштуруу жана дары-дармек саясаты башкармалыгынын жетектөөчү адисин;
3. Жумаева Милана Бактыбековнаны - Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын шайлоо комиссиялары менен өз ара аракеттешүү жана методология секторунун системалык администраторун.